

# Ырларым-
# менин сырларым

Сай айылы 2016-жыл



# Намазова Айнагүл

1962-жылдын 2-августунда Кызыл-Жол айылында туулган.

Ардактуу өмүрлүк жолдошу Намазов Жоврали менен 4 баланын жана 4 неберинин мээримдүү, сүйкүмдүү ата-энелери

Учурда Баткен районуна караштуу Сай айылынын сыймыктуу тургуну

Айнагүл, сенин талантына таазим!

## Сен пайда болгон кезиңде

Сен жаралып пайда болгон кезиңде,
Балам дедим сени менен сүйлөшүп.
Сен төрөлдүң күн нуруна бөлөндүң,
Алектенип сени менен түйшөлдүм.
Балам дедим, балам дедим сүйүнүп.

Сен өрмөлөп кыткылыктап күлгөндө,
Боорго басып магдырадым көшөлөп.
Жыл айланып тамтаң-тумтаң басканда,
Мен байлыкка тунгансыдым көшүлүп.
Балам дедим, балам дедим сүйүнүп.

Жигит болдуң сен чоңойдуң эр жеттиң,
Алмаштырдың кубанычты кайгыга.
Күлмүңдөгөн көздөрүмдөн жаш агып,
Соолуду энең, соолуду энең кайгыдан.
Балам дедим, балам дедим жүрөгүмдү күйгүзүп.

Сени көрсөм деп түн уйкумдан ойгонуп,
Түш болбостон чыңга айланып калса деп.
Жүрөк ооруп не түйшүккө толгонуп,
Ак жүзүңдү бир сыйпалап өпсөм деп.
Балам дедим, балам дедим жүрөгүмдү күйгүзүп.

## Ойгонуп түштөн

Көзүңдөн сени сагынып балам,
Ойгонуп түштөн кармалап жаным.
Сагынып сени кармалап жайың.
Өрт чалат мени кайнатып каным.

Өлүмгө арга билбесин биллем,
Өзүмдү алдап ыр жазам балам.
Келбейсиң эми сезсем да аны,
Кирпик какпай түн күтөм балам,

Каткырып күлсө бардыгы балам,
Кайгымды ичке жутамын балам.
Жүрөгүм ооруйт жыл өтсө дагы ,
Өчүмдү балам өзүмдөн алам.

## Балама

Эрмегим элең эркелеп балам,
Колумдан кеттиң эртелеп балам.
Апакең калды артыңда ыйлап,
Кусадар болуп жетпестен балам.

Эмнеге шаштың эртелеп балам,
Тең тушуң көрсөм ыйлаймын балам.
Кайгыга салып кайгыртың мени,
Кайрылбай кеттиң аттиң ай балам.

Куранды окуп күндө бир ыйлайм,
Сезбейсиң аны негедир балам.
Жүрөгүм калды жарадар болуп,
Түшүмө кирчи дагы бир жолу.

Бейишке карап шаштыңбы балам,
Шайтанга берип акылың балам.
Эзилип энең артында калды,
Ыйлатып коюп качтыңбы балам.

## Келген жоксун

Жүрөгүм ооруйт сезген жоксун,
Канча жыл өттү келгениң жок.
Күндөр айга алмашып кетти,
Кара көзүм кашайды билгениң жок.
Ак бурул басты чачымды бүгүн,

Жүрөгүмдөн сагыныч көчүп.
Күзөттө турган кароолчудай,
Көзүмдөн уйку алыстап качып.
Апакең сени сагынып күтөт,
Кусага салбай түшүмө кирчи,
Эгем аттуу эрмегим менин,
Бейиште дайым күлүп бир жүрчү.

Кол сунуп ыйлабаймын
Кол сунуп жетпей турган,
Алыска учуп кеттиң.
Кайгылуу иш болбосун,
Сагындым кайда кеттиң.

Энелер күлүп турат,
Жүрөгү ооруйт сыздайт.
Билдирбей эч бир жанга,
Ичинен ыйлайт, ыйлайт.

Кол сунуп жетпей калдым,
Кайгымды ичке жутуп.
Күтөмүн күндө чыгып,
Олтурам билдирбестен сени күтүп.

Мейли эми сен алыс кеткин,
Мен эми кайгырбаймын.
Бейиште жүрсөң болду,
Кол сунуп ыйлабаймын.

## Эненин көз жашы

Көз жашымды тыйбай келем,
Сагынып сени балам.
Кайгы мени калчап салды,
Муң кайгымды сездиңби балам.
Дыбыраса жамгыр түндө,

Уктабай ойгоо чыгам.
Суу болсо жаткан жериң,
Суук өтүп калбайбы деп ойго тунам.
Ойлоном ойлорум сансыз-сансыз,
Жүрөгүм ооруйт кайгыдан алсыз.
Жаткан жериң бейиш болсун,
Бүт денем калды алсырап алсыз.

### Аячы мени

Апаке мени таштабачы,
Алсырап барам карачы мени.
Кор кылып мени бөтөнгө бербей,
Ак сүтүң берип аячы мени.
Аячы мени, аячы апа.

Түгөнүп күнүм бараткансыйт,
Түрткүлөп мени азапка салат.
Апаңдан акча сурагын десе,
Сурабаймын десем кыйкырык салат.
Аячы мени, аячы апа.

Акча деп мени кыйноого салдың,
Ушунча бооруң таш беле апа.
Кайрылып келчи күтөйүн апа,
Кайгымды ичке жутайын апа.
Аячы мени, аячы апа.

### Арман көп

Арман көп күндөр өтсө да,
Махабаттын сырлары.
Жүрөгүмдү жеткилейт ай,
Жазылбай калган ырлары.
Арман көп айлар өтсө да,

Кайгыга салып кетсе да,
Жүрөгүмдү күйгүзөт ай,
Бир топ жылдар өтсө да.

Арман көп жылдар алмашат,
Көңүлүм куугум тартса да.
Жүрөгүм турат дале ооруп,
Үмүткөр сүйүү өтсө да.

Айтылбай калган арман көп,
Канча жылдар өтсө да.
Билсең кана билбейсиң ай,
Өмүрүм өтүп кетсе да.

Жүрөгүмдү жаралайт,
Күйгүзүп кеткен күндөр ай.
Кош айтышып кол булгай,
Алыста калган күндөр ай.

## Билесиңби

Сагынычым жанды кайра,
Сүйүү демин берди мага.
Көзүң жанат мен карасам,
Сезилеби ошол сага.

Айтчы жаным сезесиңби,
Эми күтсөм келесиңби.
Сагынычта мен магдырап,
Жүргөнүмдү билесиңби.

Жүрөк согот дүк-дүк этип,
Сени эстесем өңдөн кетип.
Келеби деп баш көтөрөм,
Эгер билсе дароо жетип,
Колдон алып сөйөйт мени,

Капысынан күйөөм жетип.
Үшкүрүнүп баш койомун,
Өң элеттен кайра кетип.

## Жазылдым мен жүрөк оору сабына

Мен эми сени сагынбаймын,
Өзгөрдүм мен турмуш болуп башкача.
Сагынууга болбой калды эч айла,
Сен да өзгөрдүң менден болуп башкача.

Балалыкта азгырылган бир кезде,
Күйүп жанып махабаттын табына.
Эне болуп өзгөрүлдүм бүгүн мен,
Түштүм окшойт туңгуюк турмушка мына.

Айта албастан сыр чыгарып сыртыма,
Кабылдым окшойт сары оруунун табына.
Кош бол эми балалыктагы сүйүүм,
Жазылдым мен жүрөк ооруу сабына.

Куткар эми колдон келсе бул сырдан,
Биз экөөбүз сындык эми өкүмгө.
Кишен салып айдап салды махабат,
Алып барып экөөбүздү өлүмгө.

Сени дагы мени дагы куткарган,
Балдарыбыз кылат бүгүн бактылуу.
Сен энеге мен атага башийип,
Сырларыбыз кала берсин катылуу.

## Бөлүнбөйлү Кыргызым

Бөлнбөйлү кыргызым, бөлүнбөйлү,
Уят болуп бөтөн журтка көрүнбөйлү.
Куруп койгон чептей болуп биригишип,

Өз алдынча түрткүлөшүп жүдөбөйлү.

Бөлүнбөйлү кыргызым, бөлүнбөйлү,
Өгөй эмес бир атанын балдарыбыз.
Биз бөлүнсөк бөрү эмес бөтөн журтка,
Анык го, биз таланда каларыбыз.

Айтчы кыргыз түштүктүн атасы ким,
Түндүктүн апасы ким айтчы элим.
Ыйлабаса балага эмчек кайда,
Айтайын ыйлап туруп сатпа жериң.

Эсиңе кел кыргызым эсиңе кел,
Мейли бийликте бол дыйкан бол.
Баары бир кыргызбыз жүзү жанган,
Бөтөндөргө кул болбойлу эсиңе кел.

Эсиңе кел кыргызым эсиңе кел,
Бир желектин астында жашайлыбы.
Желбиреген желекти бөлүп салып,
Же болбосо бөтөн жерге кетелиби.

## Тагдыр мени калчап салды

Тагдыр мени калчап жатат,
Мен тагдырга не жаздым,
Канчалаган кыйын жүктү,
Көтөрө албай мен аздым.

Мен тагдырдын азабынан качпадым,
Бирок ооруйт түндө күндүз жүрөгүм.
Айрылган соң бир туугандан, баламдан,
Мен ошонун азабынан жүдөдүм.

Кээ күндөрү үн чыгарбай жаш төгөм,
Чыдай албай үшкүрүнүп баш ийем.

Калчап жатты тагдыр мени канча ирет,
Качсам дагы айландырып таш тийет.

Мен тагдырдан качып кайда барамын,
Тагдыр салса башым ийип тартамын.
Менин деле жашоого акым бар чыгаар,
Бул тагдырга эмне кылсам жагамын.

**Бир сөз айтпай**

Сыр бербей ырдай берсе,
Мен кайдан билмек элем.
Көз менен айтып турсаң,
Мен деле туймак элем.

Сар санаа кылып мени,
Саргайтып сыр айтпастан.
Суранам белги берчи,
Күтөйүн үн катпастан.

Сен мени ыйлатпастан,
Ыр менен сырдап кетчи.
Күйгүзбөй жүрөгүмдү,
Күтөйүн бир сөз айтчы.

**Өткөн күндөр**

Өткөн күдөр мен эсимден кете элек,
Сен боз улан мен секелек кезимде.
Ойночу элек талдан атты жасатып,
Назар салбай артта калган сезимге.

Айлуу түндө ак чөлмөктү ыргытып,
Издеп таппай ак сүйүүнү жаратып.
Кыт-кыт күлүп аңыз бойлоп кетчүүбүз,
Жалжылдаган ашыктарды каратып.

Биз бой жеттик, а силер эр азамат болдуңар,
Ар кимиңер өз жолуңа түштүңөр.
Жолуктук биз бир кезеги келгенде,
Он жыл өтүп бир бириңди күттүңөр.

Күндөр өтүп айлар жылга алмашып,
Уул кыздын ата-энеси болдуңар.
Алпурушуп турмуш менен өттү күн,
Арасында жыйырма жылды күттүңөр.

Болдук бүгүн таене менен чоң ата,
Күткөнсүңөр ушул күндү канча ирет.
Арасында жылдар өтүп жолуктук,
Аллахыма таазим эткин миң ирет.

Мейли мейли ушул күндөр каниет,
Жолугалы кырк жылдыкта кайрадан.
Өткөн күндү эске салып сырдашып,
Дагы өтсүн айлар жылдар арадан.

### Энеме

Ак сүтүнү эмизген,
Ак элекчен энекем.
Башка түшсө бир мүшкүл,
Төшүн тоскон берекем.

Жерге чыкса гүл жайнап,
Жыты окшошот энеме.
Шакта булбул сайраса,
Үнү окшошот энеме.

Жылда Нооруз келгенде,
Аллас салат энекем,

Чачым өрүп көкүлдөп,
Ырга салат энекем.

**Атама**

Саамайымдан сылаган,
Эркелетип күн сайын.
Мен келгенче мектептен,
Сагынып калчу ан сайын.

Атамдын жыты мен үчүн,
Ак алмадай сезилчү.
А мен үчүн атакем,
Өмүр бою эзилчү.

Издеп эми таппаймын,
Атамдын жүргөн күндөрүн.
Сагынып эңсеп ыйлаймын,
Угулса деп үндөрүн.

**Аялдан чыккан арман**

Өкүнөм турмушумдун жалганына,
Кээде сөксө, кээде алдап койгонуна.
Жүрөгүм тыз-тыз этет кээ күндөрү,
Алпурушуп турмушка тойгонумда.

Көзүмдөн салаалатып жаш агызып,
Барак бетин чиймелеймин олтурганда.
Балдарыма сездирбей далбас урам,
Жүрөгүмө кайгы муң толгонумда.

Койгун дейт кээ бирөөлөр көргөнүндө,
Жаныма ара кирер адамым жок.
Башымды кайда барып калкалаймын,
Балдарымдан башка дарманым жок.

## Баткеним

Тай-тай басып Баткеним,
Бутуңа туруп келаттың.
Жаңы облус болсоң да,
Суктандырып караттың.

Сексен жылдык мөмөсү,
Облусту жаратты.
Койнуңдан чыккан чыгандар,
Канча ырларды жаратты.

Маркум Апаз балаңа ,
Суктанбаган адам жок.
Баткенди даңктап ырдады,
Арадан кетти арга жок.

## Алты түп өрүк

Алты түп өрүк, алты түп өрүк,
Бой тиреп өскөн.
Чүрөк кыздар бой жашырып,
Жигиттер келип тийишип өткөн.

Канчалаган жигит кыздын,
Сүйүүсүн жашырып унчукпай өскөн.
Дале турат алты түп өрүк.
Балалык сүйүүнү дагы эле күткөн.

Алты түп өрүк, алты түп өрүк,
Жүрөгүмдү сүйүнтүп бүгүн.
Элестейт кыздар ак бантик таккан,
Жанына келип карасаң түбүн.

## Келесиңби

Канча жыл өттү билесиңби,
Кайрылып артыңа сен келесиңби.
Жыл санап балдарың да сени күтөт,
Олтурганда элесине илесиңби.

Менин деле жаштыгым өтүп кетти,
Жаштык кыял сезимим өчүп бүттү.
Эх чиркин арман кылам жаштыгымды,
Жүрөгүмдөн сагыныч көчүп бүттү.

Жылдарды жылга санап сени күтөм,
Бирөөгө кыя бакпай үшкүрүнөм.
Ах чиркин аны билсең кана эми,
Келсе деп кылчак-кылчак сени күтөм.

## Кыргыздан чыккан чыгаандар

Тоодо бүркүт шаңшыган,
Ала Тоолу жеримде.
Ат үстүндө чапчыган,
Эр жүрөк чыккан элимде.

Атты минип таптаган,
Колго бүркүт кондурган.
Ак илбирстин тукуму,
Таптап кушту салдырган.

Кыргыздан чыккан чыгаандар,
Сүр менен душман кайтарган.
Жүрөгүн тосуп дзотко,
Чолпонбай чыккан кайратман.

Чет элдин баарын суктанткан,
Кенибиз чыккан Кыргызстан.

Пир Сулайман Оштогу,
Акылман өткөн кыргыздан.

## Гүлназ эжекейге

Жыл мугалим ийгилигин,
Алып келдиң эжекей.
Сен окуткан уул кызың,
Сендей болсун эжекей.

Багындырып облусту,
Алып келди эжекей.
Дүшө Акматов Мектебинин,
Жылдызы болдуң эжекей.

Билимге чаңкап уул кызга,
Жол көрсөттүң эжекей.
Сыймыктанып элиңдагы,
Алга сүрөйт эжекей.

## 37-бүтүрүүчүлөргө

Талпынгыла канатыңар талбасын,
Колдон келсе Кыргызстанды көкөлөт.
Эр азамат, ак саамал кыздарсыңар,
Душман келсе тизе алдына чөгөлөт.

Медер туткан ата-энеңер силерди,
Колдоп дайым ишеничин актагын.
Ыйлатпагын, ыйлатпагын суранам,
Мекениңди, ата-энеңди сактагын.

Ааламга жол айылдан башталат,
Ойлоп иштеп окумуштуу болгула.
Сыймыктансын сени окуткан мугалим,
Жаман адат, жаман ишти койгула.

## Ачтым бүгүн сырымды

Тагдыр мени эчен ирет калчады,
Элүү жылда не кызыкка батпадым.
Сыноолордон кайда качып барамын,
Бийик бийик не азапты ашпадым.

Кээде ыйлап канчалаган не кызыкка батпадым,
Мен турмуштун азабынан качпадым.
Бирөө түртүп, бирөө бутан чалса да,
Кайгы мунду эч бир жанга айтпадым.

Азап тартып мен картайып бараттым,
Обон салып ырга айлантып ырдадым.
Катып салган жүрөктөгү муңумду,
Ачтым бүгүн ачуу чындык сырымды.

## Мен жамгырды жакшы көрөм

Мен жамгырды жакшы көрөм,
Жерден жыты уруп турса.
Дыбыратып кол чатырдан ,
Шыкаалап карап турса.

Мен жамгырды сүйүп өтөм,
Балалыкты эске салган.
Тамчыдан суну издеп,
Кыялымды ала качкан.

Мен жамгырды жакшы көрөм,
Музыкадай үнү угулса.
Желдей сызып жыты уруп,
Жүрөгүмдү күүгө салса.

Мен жамгырды сүйүп өтөм,
Секелектеги сүйүүм деп билем.

Терезеден тиктеген сырдуу көздү,
Жамгырдан калган белек деп билем.

## Кыялым менин айылым

Балалыкта кыялданган айылым,
Тоолорубуз болсо дагы сүйкүмдүү.
Киндик каным тамган жерим Кызыл Жол.
Карысам да болот мага сүйкүмдүү.

Карачы элек көз талганча көлүндү,
Балыгы болсо сары оруугa дары деп.
Жан жыргатып дене боюң балкытып,
Жүр түшөлү дастан болуп калат деп.

Жыты кетпейт алыс кетип калсам да,
Балалыкта жүргөн жерди сагынып.
Мен көргөн талдар кетти кесилип,
Кала бердим өксүп өксүп төгүлүп.

## Өтүп барат улам тез

Жалындаган жаштык кезди билбестен,
Баркын билбей өткөрдүкпү жаштыктын.
Эми минтип кайгырсак да пайдасыз,
Айла канча өткөн күндөр мастыкпы.

Отуз жаштан өткөн кезде ойгонуп,
Сезимдерим алып учат сабалап.
Көрсөм кана аскадагы ашууну,
Канат күүлөп жетип барып сабалап.

Жүрөгүбүз турса дагы жаш болуп,
Артта калды кыялданган жаштык кез.
Өмүрүбүз өтүп барат атиң ай,
Зуулдатып улам, улам, улам тез.

## Башка айыл четинде

Мен туулдум башка айыл четинде,
Мен жашадым ушул айыл ичинде.
Кырк жыл жашап кадыр барка ээ болдум,
Айтылбаган сүйүүм калды ичимде.

Сезимдерим бир башкача бул элге,
Канча рахмат айтсам дагы аз болор.
Жолдошумду сыйлап мени сыйлашат,
Башым ийип таазим этсем саз болот.

Таазимимди кабыл алгын кайны журт,
Мен силерден эч көрбөдүм жамандык.
Уул-кызды коштум ушул катарга,
Мен силерден көрдүм көп-көп жакшылык.

Жамандыкты чыгарбаймын жашырып,
Жакшылыкты айта салам ашырып.
Кээ бирөөлөр буттан чалып түртсө да,
Көз жашымды ыйлап калам жашырып.

## Эне

Жалгыз аяк жол менен,
Караан келет алыстан.
Кайсыл караан болду деп,
Баш көтөрөт балыштан.

Байкуш эне терезеден көзүн албай,
Бассам дейт үмүт кылып жаштыгынан.
Бирок жатат денелери алсыз болуп,
Өкүнүп өмүрүнүн аздыгынан.

Эх чиркин өмүр деген кыска тура,
Аргасыз бүлбүлдөгөн көзүн жумат.

Коштошуп кол узатат колу жансыз,
Айласыз акыркы демин ичке жутат.

## Калдың кимдин колуна

Кош деп айтпай карааныңды артыңдан,
Издеп таппай калдым окшойт адашып.
Жылдар өттү чач агарып өзгөрдүк,
Тааныбастан жашыбызды санашып.

Көз талдырган сүйкүм жигит болчусуң,
Кыздар сени калчу эле талашкан.
Тагдыр бүгүн ташка чаап талкалап,
Берди сага бир сулуунун адашкан.

Кош дебегин жыл айланып жолуксак,
Жолугалы сени азгырган сулууга.
Кызганбаймын мен жолугушуп көрөйүн,
Ылайыктуусуң сен бактылуу болууга.

## Апама

Турмушка бүгүн таарынам апа,
Алыста жүрүп сагынам апа.
Нур болуп жанган жүзүңдөн сенин,
Көрө албай күндө зарыгам апа.

Талаалап алыс жүрсөм да апа,
Убакыт өтпөй күттүрдүң апа.
Сагындым сени жалгызым жаным,
Жаныңдан алыс жылбаймын апа.

Ак булут учат сабалап апа,
Сагынып жүрөк жаралап апа.
Сагындым сени өзүңдү жаным,
Жылмайган тунук жүзүңдү апа.

Алыста жүрөт балдарың апа,
Унутпайт сени ар дайым апа,
Ак сүтүң менен чоңойттуң бизди,
Алтыным менин ардагым апа.

## Энекем

Жаратып жарык дүйнө берген эне,
Чоңойттуң түн уйкуңду кечип кэде.
Ак сүтүңдү  актаймын деп керсейбеймин,
Мен деле актасам дейм жетип кэде.

Энекем сенсиң менин бак тумарым,
Энеке сенсиң менин өчпөс чырагым.
Ак сүтүңдү актай албасам да,
Эч болбосо бул жашоодо мен сени
Ыраазы кылып раазычылыгыңды алайын.

Жылмайып жүрчү эне күндө ырдап берейин,
Кереги жок мансап , байлык неменин.
Каттуу сүйлөп кэдде көңүл оорутуп,
Кечир эне кечирип кой дебедим.
Мен деп жүрүп кара чачың агарды,
Жаштыгыңды кантип кайрып беремин.

## Агама

Олтурамын ойлорум ойлор алсыз,
Кыял учат аалам кезип сансыз сансыз.
Кыялданам жалгыз сени эстей берем,
Кыялдансам сен кайрылып келер белең.

Аттиң арман сен кайрылбас болдуң ага,
Бирок дайым санаамдасың жаным ага.
Толду арман жүрөгүмө айласыз,
Ойлонгонум, кыйналганым пайдасыз.

Макул эми тагдырга биз таарынбай,
Жашоого биз өзүбүздү алдырбай.
Тилегибиз жүрсүн ата-энебиз,
Тилегеним өмүрү болсун арчадай.

Бир туугандар бар болгула баарыңар,
Күн нурундай тиет мага табыңар.
Ата-эне бар силер бар үчүн ааламда,
Керексиңер оорубагын баарыңар.

### Жүрөгүмдү байлап салдың

Сен менин жүрөгүмдү байлап салдың,
Жылдар жылды улап алып бара жаты.
Сабалап кыйкуу салган канаттуудай,
Карааныңды издеп сени карап жатым.

Сен менден эмнегедир азгырылдың ,
Ушентсе да жүрөгүмдү байлап салдың.
Негедир мен үчүн башкачасың,
Жолугуп көрсөм деле алдап койдуң.

Эмнегедир жүрөгүмдү байлап салдың,
Басалбаймын буттарымдан тушап салдың.
Кайдасың жүрөгүмө нурду салчы ,
Кайрылчы каралдым кайда калдың.

### Ак тилек

Кайып учуп жалбырактай дирилдеп,
Күндөр өтсө карылыкка кез келет.
Алоолонот бүткөн денем чымыркайт,
Жаштыгымдын өткөндүгүн эстесем.
Мезгилдердин жылоосунан бошотпой,
Эли журтту кубандыраар ыр берсем.

## Балалыгым

Күндөр өтүп ак аралап чачымды,
Балалыгым кайда барып жашынды.
Уурдап карап топ балдардын ичинен,
Таба албастан кармап калам башымды.

Көз жашымды салаалатып ыйладым,
Жерди кезип эчен күндөр тынбадым.
Жаштыгымдын учкунунан бир үзүм,
Мен кызганып башкаларга кыйбадым.

Ырлардын автору: Намазова Айнагүл

Корректор: Жумаев Тургунбай

Ырларды топтоштурган: Каримова Минавар

Китеп “Көрк” жарнак агенттигинде басылды нуска
30 даана Буюртмачы Намазова Айнагүл
Каримова Минавар